

TÜRKİYE
DİYANET VAKFI
ТҮРКИЯ ДИЯНЕТ ФОНДУ
وقف الديانة التركي

DİYANET
İŞLERİ BAŞKANLIĞI
Дин иштери башкармалыгы
رئاسة الشؤون الدينية

# [ BİŞKEK CUMHURİYET MERKEZ İMAM SERAHSİ CAMİİ
# БИШКЕК РЕСПУБЛИКАЛЫК ИМАМ САРАХСИЙ БОРБОРДУК МЕЧИТИ ]

# ORTA ASYA'NIN EN BÜYÜK CAMİ VE KÜLLİYESİ

## *Bişkek Cumhuriyet Merkez İmam Serahsî Camii*

# ОРТО АЗИЯНЫН ЭҢ ЧОҢ МЕЧИТИ ЖАНА КОМПЛЕКСИ

## БИШКЕК РЕСПУБЛИКАЛЫК ИМАМ САРАХСИЙ БОРБОРДУК МЕЧИТИ







"Allah'ın mescitlerini, ancak Allah'a ve ahiret gününe inanan, namazı dosdoğru kılan, zekâtı veren ve Allah'tan başkasından korkmayan kimseler imar eder. İşte onların doğru yolu bulanlardan olmaları umulur."

(Tevbe, 9/18)

*"Алланын мечиттерин Аллага, акырет күнүнө ишенген, намазды толук аткарган, зекет берген жана Алладан гана корккон (адам) курат."*

*(Тообо сүр. 9/18.)*

# BiSKEK CUMHURiYET MERKEZ iMAM SERAHSÎ CAMii

Bu cami, Türkiye-Kırgızistan dostluğunun bir nişanesi olarak Diyanet İşleri Başkanlığı ve Türkiye Diyanet Vakfı tarafından hayırsever Türk milletinin katkılarıyla yaptırılmıştır.
**Eylül 2018**

## TÜRKİYE DİYANET VAKFI

Vakıf geleneği, İslam medeniyetinin insanlığa bir hediyesidir. Ecdadımız, bu kutsal emanete sahip çıkarak vakıflar vasıtasıyla büyük hizmetler yapmıştır.

Türkiye Diyanet Vakfı da toplumumuzda yüzyıllardır var olan bu iyilik halkasının bir devamı olarak 13 Mart 1975 tarihinde kuruldu.

Din hizmetlerinin daha geniş kitlelere ulaşması ve dinî hizmetlerde görev alacak neslin yetiştirilmesi gayesiyle çıkılan bu kutlu yol, alicenap milletimizin güçlü desteği, Vakfımızın ve Vakfımıza gönül verenlerin gayretli çalışmalarıyla büyüyerek yedi kıtaya ulaştı ve bugün dünya çapında etkili çalışmalar yapan büyük bir sivil toplum hareketi haline geldi.

Türkiye Diyanet Vakfı bugün yurt içindeki 1.000 şubesi ve dünyanın 145 ülkesinde eğitimden kültüre, sosyal ve hayrî hizmetlerden dinî hizmetleri destekleme faaliyetlerine ve uluslararası yardım çalışmalarına kadar geniş bir alanda din, dil, ırk, renk ve cinsiyet ayrımı yapmadan faaliyetlerini sürdürmektedir.

# БИШКЕК РЕСПУБЛИКАЛЫК ИМАМ САРАХСИЙ БОРБОРДУК МЕЧИТИ

*Бул мечит Түркия менен Кыргызстандын достук белгиси катары Диянет иштери башкармалыгы жана Түркия Диянет фонду тарабынан кайрымдуу түрк элинин салымы менен курулду.*
***Сентябрь, 2018-ж.***

## ТҮРКИЯ ДИЯНЕТ ФОНДУ

*Фонд каадасы Ислам маданиятынын адамзатка тартуулаган эң чоң белеги. Ата-бабаларыбыз бул аманатты бекем сактап, фонддор аркылуу көптөгөн кызматтарды көрсөтүшкөн.*

*Түркия диянет фонду кылымдар бою уланып келген жакшылык чынжырынын уландысы катары 1975-жылдын 13-мартында түптөлгөн.*

*Диний кызматты жайылтуу жана диний тармактарда эмгек кыла турган урпактарды даярдоо максатта курулган куттуу жол- жоомарт элибиздин, фондубуздун жана фондубузга көңүл кош карабаган инсандардын тынымсыз эмгегинин натыйжасында кеңейип, алты материкке жайылды. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк деңгээлге чыгып, аябагандай чоң жарандык кыймылга айланып олтурат.*

*Түркия диянет фонду бүгүнкү күндө өлкө ичиндеги 1000 филиалы жана ошондой эле дүйнөнүн 145 өлкөсүндөгү билим-берүүдөн, маданият тармагына, социалдык жана кайрымдуулук кызматтарынан диний кызматтарды колдоо иштерине жана эл аралык жардам кызматтарына чейинки тармактары менен биргеликте дин, тил, улут, түс жана жыныс деп бөлбөстөн өз иш аракеттерин улантып келет.*



# KARDEŞLİK, BİRLİK ve BERABERLİĞİN MERKEZİ CAMİLER İNŞA EDİYORUZ

Yeryüzünün ilk mescidi Mescid-i Haram ve Hz. Peygamberin (s.a.s.) Medine'ye hicret ettikten sonra ilk iş olarak inşa ettirdiği Mescid-i Nebevî başta olmak üzere bütün camiler; medeniyetin merkezi, ilim ve irfanın beşiği, fakir ve kimsesizin meskeni ve müminlerin kardeşlik kaynağı olmuştur. Kâbe'nin birer şubesi ve Allah'ın evi olan camiler, kalplerin huzur ve sükûn bulduğu mekânlardır.

İslam medeniyetinin inkişafında önemli bir yere sahip olan vakıf kültürü, camilerin inşası ve yaşatılmasına bugüne kadar öncü bir rol üstlenmiştir.

Ecdadımızın zirve noktaya ulaştırdığı vakıf medeniyetinin günümüzdeki etkin temsilcilerinden biri olarak Türkiye Diyanet Vakfı, kurulduğu günden bu yana yurt içinde ve yurt dışında yaptırdığı cami, Kur'an kursu ve eğitim binalarıyla bu kutlu geleneği sürdürmektedir.

# *БИРИМДИК ЖАНА БИР ТУУГАНДЫКДЫКТЫН БЕЛГИСИ КАТАРЫ МЕЧИТТЕРДИ КУРУП ЖАТАБЫЗ*

*Жер бетиндеги алгачкы мечит катары эсептелген Масжиди Харам, ошондой эле Пайгамбарыбыз Меккеден Мадинага көч кылгандан кийин биринчилерден болуп курдурган Масжиди Набавий баш болуп, бүтүндөй мечиттер маданияттын очогу, илим жана билимдин бешиги, кедей-кембагалдар, жетим-жесирлер баш калкалоочу жай жана ошондой эле момундардын бир туугандык сезимдеринин булагы болуп келген. Мечиттер Каабанын филиалы жана Жаратkандын үйү катары, жүрөктөргө тынчтык тартуулоочу жайлар болуп эсептелет.*

*Ислам маданиятынын өнүгүп-өсүшүндө алдыңкы орунда турган фонд маданияты мечиттерди курууда жана аларды жандандырууда бүгүнкү күнгө чейин жол башчы болуп келген*

*Ата-бабаларыбыз туу чокусуна чыгарган фонд маданиятынын бүгүнкү күндөгү өкүлдөрүнүн бири Түркия диянет фонду түптөлгөн күндөн баштап эле өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдө мечит, Куран курсу жана билим-берүү мекемелерин куруп, атадан калган куттуу мурасты улантып келүүдө.*



# ÜLKEMİZDE ve DÜNYADA CAMİ İNŞASININ BAYRAKTARI

İslâm'ın asli hüviyetiyle anlaşılması, dünya Müslümanlarının birlik ve beraberlik içerisinde yaşaması amacıyla yaptığımız bütün çalışmalarda olduğu gibi cami faaliyetlerimizi de Diyanet İşleri Başkanlığımızın işbirliği ve desteğiyle gerçekleştiriyoruz.

Kazakistan'da Hoca Ahmet Yesevi Camii, iç dekorasyon ve tezyinatı Vakfımız tarafından yapılan Rusya'daki Moskova Merkez Camii, Kırıkkale Nur Camii ve Çorum Akşemseddin Meydan Camii 2015 yılında ibadete açıldı. Arnavutluk Tiran Merkez Camii'nin temeli de 2015 Mayıs ayında atıldı. Somali Merkez Camii, Somali Abdülaziz Camii, Filipinler Fatih Camii, Filipinler Osmanlı Camii, Filipinler Tacloban Camii, Kırım Seyit Settar Camii ve Külliyesi, Belarus Minsk Cami, Haiti Boukman Buhara Camii, Mali Eyüp Sultan Camii ile Filistin-Gazze'deki 9 cami, son dönemde tamamlanarak Müslümanların istifadesine sunuldu. Amerika Diyanet Merkezi de Cumhurbaşkanımız Sayın Recep Tayyip Erdoğan'ın katıldığı törenle 2 Nisan 2016 tarihinde hizmete açıldı.

Dünyanın dört bir yanında olduğu gibi ülkemizde de din hizmetlerini destekleyen Vakfımız, Ankara Kocatepe Camii'ni tamamlayarak milletimizin istifadesine sunmasının ardından bugüne kadar 3 bin 718 cami, 450 mescit, 2 bin 757 Kur'an kursu ve 6 eğitim merkezinin inşaatını tamamlayarak hizmete sunmuştur. Bugün mülkiyeti Vakfımıza ait toplam 12.295 hizmet binası, Diyanet İşleri Başkanlığımızın cami, mescit, Kur'an kursu, müftülük, eğitim merkezi ve lojman hizmetleri için tahsis edilmiş durumdadır.

# *ӨЛКӨБҮЗДӨ ЖАНА ДҮЙНӨДӨ МЕЧИТ КУРУУНУН ЖОЛ БАШЧЫСЫ*

*Нукура Исламды түшүндүрүү жана мусулмандардын ынтымак жана биримдигин бекемдөө максатында жүргүзүлгөн иш аракеттерибизде Диянет иштери башкармалыгы менен тыгыз кызматташып келгенибиздей, мечит куруу иштерин да алардын колдоосу менен жүзөгө ашырып келебиз.*

*Казакстанда Хожа Ахмет Ясавий мечити, Россияда ички жасалгасы фондубуз тарабынан каржыланган Москва борбордук мечити, Кырыккале Нур мечити жана Чорум Акшемседдин Мейдан мечити 2015-жылы калкка ачылса, 2015-жылдын май айында Албан Тиран борбордук мечитинин пайдубалы түптөлгөн. Сомали борбордук мечити, Сомали Абдулазиз мечити, Филиппин Фатих мечити, Филиппин Осмон мечити, Филиппин Таклобан мечити, Крым Саид Саттар мечити жана комплекси, Беларус Минск мечити, Гаити Боукман Бухара мечити, Мали Аюуб Султан мечити жана ошондой эле Палестина-Газзада 9 мечит мусулмандарга пайдаланууга берилди. 2016-жылдын 2-апрелинде Америка Диянет борбору өлкө башчыбыз урматтуу Режеп Тайип Эрдогандын катышуусундагы азем менен пайдаланууга берилди.*

*Өлкөбүздө жана дүйнөнүн булуң бурчтарында диний кызматтарга колдоо көрсөтүп келе жаткан фондубуз Анкара Кожатепе мечитин калкыбызга пайдаланууга бергенден тартып бүгүнкү күнгө чейин 3718 комплекстик ири мечит, 450 кичинекей мечит, 2757 Куран курсу жана 6 билим берүү борборун ачкан. Бүгүнкү күндө фондубузга таандык жалпы 12295 кызматтык имарат бар. Аларды Диянет иштери башкармалыгы ири мечит, мечит, Куран курсу, муфтият, билим берүү борборлору жана кызматтык батирлер үчүн бөлүп берген.*



# İMAM SERAHSÎ (ö. 483/1090)

Asıl adı Ebû Bekr Şemsü'l-Eimme Muhammed b. Ebî Sehl Ahmet es-Serahsî'dir. Bugün itibarıyla, Türkmenistan ve İran sınırında kalmış bir kasaba olan Serahs ya da civarında, kesin olmamakla birlikte hicrî 400 (m. 1009-1010) tarihinde doğduğu nakledilir.

Serahsî, Buhara'da ders vermekte olan Şemsü'l-Eimme Abdülazîz el-Halvânî'den (ö. 448/1056) uzun süre ilim tahsil edip çalışkanlığı ve parlak zekâsı sayesinde ilimde derinleşerek devrinin seçkin bir şahsiyeti haline gelmiştir. Bu sebeple hocası Halvânî, eğitim yaparken üzerinde oturduğu postunu Serahsî'ye hediye etmiş, "Şemsü'l-Eimme" (imamların güneşi) lakabını da kendisine miras bırakmıştır. Devrin meşhur âlimlerinden ders alarak yetişen Serahsî, aynı zamanda birçok öğrenciye de ders vermiştir. Bu yönüyle Serahsî, Orta Asya'da ilmî faaliyetlerde bulunmuş Hanefî bilginlerinin yetişmesinde önemli bir rol oynamıştır. Bu itibarla Serahsî'nin Hanefî âlim ve fakîhleri arasında müstesna bir yeri vardır. O kendi devrinde, Hanefî mezhebinin başlıca merkezi olan Orta Asya'daki Hanefî ulema zincirinin başında yer almaktadır.

İlim bakımından yeryüzünün en bereketli mekânlarından biri olan Fergana vadisine mührünü vuran Serahsî, otuz büyük cilt şeklindeki muhteşem eseri el-Mebsût ve hemen ardından iki ciltlik Usûlu'l-fıkh gibi mahiyet ve hacim bakımından en değerli eserlerini on beş yıla yakın süre kaldığı Özkent hapishanesindeyken imlâ ettirmiştir. Kaynaklarda ve kendi eserlerindeki bazı pasajlarda, hapis süresinde Serahsî'nin yanında kitap ve not bulunmadığı hatta her türlü imkândan mahrum olduğu halde eserlerini öğrencilerine ezberden yazdırdığı beyan edilmektedir.

Hicrî 480 yılında özgürlüğüne kavuşan ve akabinde Merginân'a giden Serahsî, ömrünün son üç yılını burada geçirmiş ve hicrî 483 (m. 1090) yılında vefat etmiştir.

# *ИМАМ САРАХСИЙ (Ө: 483/1090)*

*Өз аты Абу Бакр Шамсул-Аимма Мухаммед б. Абу Сахл Ахмад ас-Сарахсий. Бүгүнкү күндөгү Түркмөнстан менен Иранга чектеш Сарахс айылында же ошол айылдын айланасында хижрий жыл санагы боюнча чамалуу 400 (григорян жыл санагы боюнча 1009-1010)-жылы жарык дүйнөгө келгендиги айтылат.*

*Сарахсий Бухарада Шамсул-аимма Абдулазиз ал-Халванийден (өлүмү:448/1056) сабак алып, эмгекчилдиги жана зээндүүлүгү менен илимге сүңгүп кирип, доорунун эң көрүнүктүү аалымдарынын бирине айланган. Мына ушул себептен устаты Халваний ага сабак учурунда өзү отурган тери төшөкчөсүн белек кылып, "Шамсул-аимма" (имамдардын күнү) деген лакабын мурас калтырган. Сарахсий доорунун эң таанымал аалымдарынан сабак алып, ошол эле учурда көптөгөн окуучуларга сабак берген. Бул жааттан Имам Сарахсий Орто-Азияда илимий иштер менен алектенген Ханафий аалымдардын жетилип чыгуусуна чоң таасир тийгизген. Андыктан, ханафий аалымдардын жана факихтердин ичинде Сарахсийдин өзгөчө орду бар. Ал өз доорунда Ханафий мазхабынын борборлорунун бири катары эсептелген Орто-Азиянын ханафий аалымдарынын башында турат.*

*Илимий жаатта дүйнөнүн эң берекелүү жери Фергана өрөөнүнө из калтырган Сарахсий отуз томдон турган ал-Мабсут жана анын аркасынан калемге алган эки томдук Усулу-Фыкых аттуу эмгектерин Өзгөн шаарында 15 жылга жакын камакта калган учурда жаздырган.*

*Булактарда жана өзүнүн эмгектеринин айрым жерлеринде, камакта Сарахсийдин жанында кандайдыр бир китеп жана жазуулар болбогондугу, а түгүл бардык мүмкүнчүлүктөрү чектелгендигине карабай бул эмгектерди окуучуларына оозеки жаздыргандыгы айтылат.*

*Сарахсий хижрий 480-жылы эркиндикке чыккан соң Маргиланга барып, өмүрүнүн акыркы үч жылын ошол жерде өткөрөт. Хижрий 483- ж. (Григ:1090) көз жумган.*



# TARİHÇE

Orta Asya'nın kalbi, ata topraklarımız, Manas Destanı'nın doğduğu, güler yüzlü insanların ülkesi Kırgızistan...

Halkının yüzde 90'ı Müslüman olan Kırgızlar, tarihte Türkistan olarak bilinen coğrafyanın farklı yerlerinde yaşamış en eski Türk boylarından biridir. İslam dininin Kırgızistan'da kabulü ve neşv-ü nemâ bulması yaklaşık 1.300 yıllık zamanı kapsamaktadır. Özellikle Maveraunnehir bölgesinde gelişen İslami kültür havzası Kırgız kültürünü de beslemiş, onların Orta Asya İslam coğrafyasının bir parçası olmasını sağlamıştır.

Kırgızistan'ın maddi ve manevi kalkınmasına destek olmak amacıyla Diyanet İşleri Başkanlığı ve Türkiye Diyanet Vakfı ile Kırgızistan makamları arasında imzalanan protokol çerçevesinde Bişkek Cumhuriyet Merkez İmam Serahsî Camii'nin yapılması kararlaştırılmıştır.

Bişkek şehir merkezinde, tarih boyunca doğu ile batının bağlantı yolu olmuş meşhur İpek Yolu Caddesi'nde yer alan Kırgızistan Müslümanları Dinî İdaresi Başkanlığına ait 35 dönümlük arazi üzerinde inşa edilen söz konusu cami, Orta Asya'nın en büyük camisi olma özelliğini taşımaktadır.

Anadolu ve Orta Asya halkları arasındaki ortak din, dil, tarih, kültür ve kardeşlik bağlarının güçlenmesini sağlayacak olan bu muhteşem eser, bölgede birliğin, huzurun ve barışın da sembolü olacaktır.

Ankara Kocatepe Camii'nin silueti esas alınarak inşa edilen cami bünyesinde sosyal alanlarla birlikte Kırgızistan Müslümanları Dinî İdaresi Başkanlığı binası, konferans salonu ve Türkiye Cumhuriyeti Büyükelçiliği Din Hizmetleri Müşavirliği irtibat bürosu binaları yer almaktadır.

İnşaatına Nisan 2012'de başlanan ve Orta Asya Müslümanlarının sabırsızlıkla beklediği Bişkek Cumhuriyet Merkez İmam Serahsî Camii, Türkiye Diyanet Vakfı tarafından kendi kuruluşu olan KOMAŞ A.Ş. aracılığıyla tamamlanarak ibadete hazır hale getirilmiştir.

# ТАРЫХЫ

*Кыргызстан Орто-Азиянын жүрөгү, ата-бабаларыбыздын журту, Манас дастанынын мекени, маңдайы жарык инсандардын өлкөсү...*

*Кыргыздар калкынын 90% Ислам динин тутунган, тарыхта Түркистан чөлкөмүнүн түрдүү аймактарында байыр алган эң эски түрк урууларынын бири. Кыргызстанда Ислам дининин 1300 жылдык тарыхы бар. Өзгөчө Маварауннахр чөлкөмүнө жайылган Ислам маданияты кыргыз маданиятына да таасирин тийгизип, аларды Орто-Азия Ислам географиясынын бир бөлүгүнө айландырган.*

*Кыргызстандын материалдык жана моралдык өнүгүүсүнө салым кошуу максатында Диянет иштери башкармалыгы жана Түркия диянет фонду менен Кыргыз бийлигинин ортосунда келишимге кол коюлуп, ошонун негизинде Бишкек Республикалык Имам Сарахсий борбордук мечитин куруу чечими чыгарылды.*

*Мечит Бишкектин борборунда, тарыхта чыгыш менен батышты байланыштырып турган белгилүү Жибек-Жолу көчөсүндөгү Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына тийиштүү 3,5 г аянтка курулуп, Орто-Азиянын эң чоң мечитине айланды.*

*Бул эмгек Анадолу жана Орто-Азия элдеринин орток дин, тил, тарых, маданият жана бир тууғандык байланыштарын бекемдөө менен биргеликте, аймакта биримдиктин, тынчтыктын жана бейпилдиктин символу болот.*

*Мечиттин курулушунда Анкара Кожатепе мечитинин силуети негиз алынган. Мечиттин карамагында коомдук жайлар менен биргеликте Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын имараты, жыйындык зал жана ошондой эле Түрк элчилигинин диний иштер боюнча кеңешчисинин байланыш бюросу орун алган.*

*Куруу иштери 2012-жылдын апрель айында Түркия диянет фондуна тийиштүү КОМАШ А.Ш. курулуш компаниясы тарабынан жүзөгө ашырылып, бүгүнкү күндө ачылуу алдында турат.*



# MİMARİ ÖZELLİKLER

Bişkek Cumhuriyet Merkez İmam Serahsî Camii, Cumhuriyet dönemi klasik Osmanlı mimarisinden esinlenilerek inşa edilen Ankara Kocatepe Camii tarzında projelendirilip inşa edilmiştir. Cami oturumu 56x94 metre olup harîm kat, mahfil kat, bodrum kat ve açık avludan oluşan yaklaşık 6.759 metrekare inşaat alanına sahiptir. Ana kubbe, dört fil ayağı üzerine oturmaktadır.

Klasik Osmanlı cami mimarisinin ayrılmaz bir bütünleyicisi olan avlu ise sağlı-sollu üç mermer taç kapıdan giriş yapılan, 24 adet kubbe ve 18 adet müzeyyen pencereden teşkil edilmiş revaklardan oluşmaktadır. Avlu doğu cephesi taç kapı girişi üzeri Tevbe Sûresi 18. ayeti, kuzey cephesi taç kapı Bakara Sûresi 201. ayeti, güney cephe taç kapı üzeri ise Fetih Sûresi 1. ayetiyle bezenmiştir. Avludan camiye girilen cümle kapısı üzerine ise Cin Sûresi 18. ayeti işlenmiştir.

Caminin kapalı ibadet alanları, aynı anda 9 bin kişi namaz kılabilecek şekilde planlanmıştır. Namaz kılınacak şekilde saf düzeninde dizayn edilmiş traverten taş kaplı açık alanlar buna dâhil edildiğinde, cuma ve bayram günlerinde aynı anda 30 bin kişinin ibadet edebilme imkânı bulunmaktadır.

Caminin her biri üç şerefeli dört minaresi olup, minare yüksekliği 68 metredir. Caminin ana kubbesi 25 metre çapında olup yerden 38 metre yüksekliğindedir. Bodrum kat, harîm kat ve mahfil kata hitap eden doğu ve batı cephesinde sağlı-sollu iki adet asansör bulunmaktadır.

Cami dışında yer alan 884 metrekare inşaat alanlı müstakil bir binada erkek ve kadınlar için abdesthane bulunmaktadır. Ayrıca engelliler için de iki adet abdestlik yer almaktadır. Islak mahallerin tümünde sıcak su, havalandırma ve ısıtma sistemleri düşünülmüştür. Kesintisiz bir kullanım hedeflenerek cami bütününe hitap eden depo su sistemleri kurulmuştur.

Cami ve müştemilat girişlerinde yaşlı, engelli ve hasta cemaatin faydalanabileceği rampalara, asansörlere ve abdesthanelere yer verilerek engelli kardeşlerimizin de rahatlıkla ibadet edebilmeleri hedeflenmiştir.

Cami bodrum katında, camide görev yapacak imam, müezzin-kayyım kadroları için odalar planlanmıştır. Ayrıca tesisat ve sistem odalarına da caminin bodrum katında yer verilmiştir.

Çevre düzenlemesi kapsamında külliye bünyesinde; 6 adet bekçi kulübesi, 5 adet raylı sistemli elektronik kumandalı araç girişi ve 8 adet yaya giriş kapısından oluşan betonarme dış bahçe duvarları, traverten taşlarla kaplı yaya yolları, yaklaşık 500 aracın yer alacağı açık oto parkları, otomatik yer altı sulama sistemli yeşil alanları, kamelyalar, banklar ve süs havuzlu pergolalar yer almaktadır.

# *АРХИТЕКТУРАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ*

*Бишкек Республикалык борбордук Имам Сарахсий мечити Түркия республикалык түзүлүшкө өткөн кезде Осмон империясынын клаасикалык архитектурасына негизделип курулган Анкара Кожатепе мечитинин стилинде проекттештирилип, курулду. Мечиттин негизги аянты 56х94 метр. Мечит намаз окулуучу жай, азанчыга бөлүнгөн жай, жер кабат жана ачык короо болуп, жалпы 6759 чарчы метрге жакын курулуш аянтына ээ. Негиги куполду (пилдин буту сымал) төрт устун тиреп турат.*

*Осмон империясы доорундагы мечит архитектурасынын негизги бөлүгү катары эсептелген ачык короо- оң жана сол тараптан кирилүүчү үч таажы сымал чоң эшик, 24 купол жана 18 даана коздолгон терезеге ээ айбанчадан турат. Короонун чыгыш тарабындагы таажы эшиктин үстүңкү бөлүгүндө Тообо сүр. 18-аяты, түндүк тарабындагы таажы эшикте Бакара сүр. 201-аяты, түштүк тарабындагы эшиктин үстүңкү бөлүгүндө Фатх сүр. 1-аяты кооздолуп жазылган. Короодон мечиттин ичине кирүүчү эшиктин үстүңкү бөлүгүнө Жин сүр. 18-аяты саймаланган.*

*Мечиттин ибадат кылуучу жайында бир учурда 9 миң киши намаз окуй алат. Жума жана майрам намаздарында мечиттин ички жана короо бөлүгүндө бир учурда 30 миң адам ибадат кыла алат.*

*Мечиттин төрт мунарасы бар. Мунаралардын узундугу 68 метр. Мечиттин негизги (ортоңку) куполунун диаметри 25 метр, жерден 38 метр бийиктикте жайгашкан. Жер кабат, намаз окулуучу жай жана азанчыга бөлүнгөн жайга чыгуучу мечиттин чыгыш жана батыш тарабында эки даана лифт бар.*

*Мечиттин сыртында 884 чарчы метрдик курулуш аянтына ээ өз алдынча имаратта эркек жана аялдар үчүн бөлүнгөн атайын даараткана бар. Өзгөчө майыптар үчүн эки даана даарат алуучу жай каралган. Даараткада жылуу суу, желдетүү жана ысытуу системалары орнотулган. Андан сырткары үзгүлтүксүз колдонууга ылайыкташтырылган, бүтүндөй мечитке жете турган суу сактагыч системасы курулган.*

*Мечитке жана кошумча бөлүктөргө кирүүдө карыкартаңдар, майыптар жана ооруулуу адамдар үчүн атайын басуучу жолдор (рампалар), лифттер жана дааратканалар курулуп, аларга ээн эркин ибадат кылууга шарт түзүлгөн.*

*Мечиттин жер кабатында мечиттин кызматкерлери үчүн атайын бөлмөлөр пландалган. Өзгөчө мечиттин техникалык системаларын көзөмөлдөөчү бөлмө да жер кабатта орун алган.*

*Айлана-чөйрөнү тартипке келтирүү алкагында комплекстин карамагында: 6 даана кароолчу жер төлөөсү, 5 даана автоматташтырылган автоунаа кириши, 8 даана жөө адамдар кирүүчү эшиктен турган темир бетон короо дубалдар, травертин таштар менен төшөлгөн жөө жүрүүчү жолдор, чамалуу 500 автоунаа бата турган ачык автотоктотуучу жай, автоматтык негизде суугарылуучу жашыл аянттар, эс алуучу жайлар, скамейкалар жана коздолгон көлмөлүү чатырлар курулган.*



كلما دخل عليها زكريا المحراب
محمد
الله

# SANATSAL ÖZELLİKLER

## ÇİNİ KAPLAMASI

Caminin duvarlarını süsleyen İznik çinileri, Anikya İznik çini sanatçıları tarafından Türk çini sanatının geleneksel teknikleriyle desenlenmiş ve tamamen elde üretilmiştir. 16. yüzyıla ait orjinal desenlerin yer aldığı çini panoların dört tanesi caminin harîm katında, sekiz tanesi ise alt mescitte yer almaktadır.

## CAMİ VİTRAYLARI

Camide kullanılan vitray pencere tipi "alçıdan fevkalade müzeyyen pencere" çeşididir. Ana kubbede 24 adet, 4 yarım kubbede 7'şerden 28 adet, 12 adet küçük yarım kubbede toplam 44 adet, mahfil katta 26 adet ve kıble cephesi duvarlarında da 10 adet olmak üzere toplam 132 tane renkli camlı vitray aydınlatma penceresi vardır. Avlu revaklarda ise 18 tane vitray pencere vardır.

## HAT VE TEZYİNAT

Cami kubbe ve duvarlarını süsleyen hat yazıları Klasik Osmanlı hat sanatının nadide örneklerini içermektedir. Bölgenin kültürel özelliklerini de yansıtması amacıyla turkuaz renklerin hâkim olduğu tezyinat kullanılan hatlar, Kerküklü hat sanatçısı Hadi tarafından kaleme alınmıştır. Cami genelinde hat yazıları ahşap üzerine naht tekniği ile işlenmiş olup tamamı altın varak ile kaplanmıştır.

# *КӨРКӨМ ӨНӨР*

## *КЕРАМИКАЛЫК ПЛИТКАЛАРЫ*

*Мечиттин дубалдарын кооздоп турган Изник кафели Аникя Изник өнөрпоздору тарабынан саймаланып, толугу менен колдо даярдалган. 16-кылымга таандык нукура саймалар менен кооздолгон керамикалык плиткалардын 4 даанасы мечиттин намаз окулуучу кабатында, 8 даанасы мечиттин астыңкы бөлүгүндө орун алган.*

## *МЕЧИТТИН КӨРКӨМДҮҮ ТЕРЕЗЕЛЕРИ*

*Мечитте колдонулган көркөм терезелер «гипстен жасалган кооз терезелердин» түрүнө кирет. Негизги куполдо 24, 4 жарты куполдо 7 даанадан 28 даана, 12 кичинекей жарым куполдордо жалпы 44 даана, азанчы отурган (махфил) кабатта 26 даана жана кыбыла тараптагы дубалда 10 даана болуп, жалпы 132 даана түркүн түстүү жарыктандыруучу кооз терезелер бар. Короого 18 даана кооздолгон терезе жайгаштырылган.*

## *КАЛЛИГРАФИЯЛЫК ЖАЗУУЛАР ЖАНА ЖАСАЛГА*

*Мечиттин куполдорун жана дубалдарын көрктөндүрүп турган каллиграфиялык жазуулар Осмон империясынын классикалык жазуу көркөм өнөрүнүн теңдешсиз өрнөктөрүн камтып турат. Бул каллиграфиялык жазууларда аймактын маданий өзгөчөлүктөрүн чагылдыруу максатында басымдуу ачык көк түс колдонулуп, Керкуктук уста Хади тарабынан калемге алынды. Мечиттин бардык бөлүгүндөгү көркөм жазуулар жыгачтын үстүнө Нахт технологиясы менен саймаланып, бардыгы алтын барак менен капталган.*


بسم الله الرحمن الرحيم

## TAŞ VE MERMER İŞLERİ

Cami iç ve dış duvarlarında ülkenin güneyindeki Celalabad şehrinden çıkarılan krem ve bej renkli doğal taş malzemeleri ile kaplama yapılmıştır. Mahallinden çıkarılan taşlar, inşaat sahasında kurulan atölyede, Türkiye'den getirilmiş makineler ve sanatkâr ustalar tarafından işlenmiş, mekanik montaj usulü ile tüm cepheler kaplanmıştır. Tüm mermer ürünler geleneksel Türk-İslam sanatlarına uygun olarak tasarlanıp, üretimleri yaptırılmıştır. Mermer ürünlerin üretim ve montajları, eski eser ve cami mermer işleri üzerine ihtisaslaşmış uzmanlar tarafından ikmal edilmiştir.

## KUBBE VE ÇATI İŞLERİ

Caminin tüm kubbeleri, geleneksel Türk-İslam sanatının vazgeçilmezi olan kurşun levhalar ile kaplanmıştır. Tekniğine uygun olarak hazırlanan kerpiç çamuru ile sıvanan yüzeylere, Türkiye'den getirilen 2 mm kalınlığındaki kurşun levhalar, bu sanatın ehli uzman ekipler tarafından döşenmiştir.

Kubbeler üzerinde yer alan bakır alemler özel olarak projelendirilerek tecrübeli sanatkarlar tarafından üretilmiş olup, yerine montajları yapıldıktan sonra altın varak ile kaplanmıştır.

## AHŞAP ÖZELLİKLERİ

Caminin tüm ahşap ve aksesuar işleri, boyalı ve cilalı olarak yerlerine takılacak şekilde Türkiye'de yapılıp Bişkek'e getirilerek montajlanmıştır. Tüm ahşap işleri, geleneksel Türk-İslam sanatlarına uygun olarak, Türkiye Diyanet Vakfının kendi kuruluşu olan KOMAŞ geleneksel ahşap sanatları ve cami dekorasyonu fabrikalarında tasarlanıp üretilmiştir.

## *ТАШ ЖАНА МРАМОРЛОР*

*Мечиттин ички жана сырткы бөлүгү Кыргызстандын Жалал-Абад облусунан чыгарылган саргыч-күрөң түстүү мраморлор менен капталган. Бул мраморлор курулуш аянтында орун алган убактылуу ательеде (өнөрканада) Түркиядан алынып келинген аппараттардын жардамында өнөр усталары тарабынан саймаланып, механикалык монтаж усулу менен мечиттин бардык тарабына капталган. Мраморлор салттык түрк-ислам маданиятына ылайык жылмаланып, даярдалган. Мраморлорду калыпка келтирүү жана орнотуу иштери тийиштүү адистер тарабынан ишке ашырылды.*

## *КУПОЛ ЖАНА ЧАТЫРЫ*

*Мечиттин куполдору коргошун металы менен капталган. Кирпичтин ылайы шыбалган үстүңкү катмарга Түркиядан алынып келинген 2мм калыңдыгындагы коргошун металы бул өнөрдүн усталары тарабынан төшөлгөн.*

*Жезден жасалып, куполдордун үстүнө орноштурулган жарым айлар тажрыйбалуу кол өнөрчүлөр тарабынан даярдалып, ордуна монтаждалгандан кийин алтын барак менен капталган.*

## *ЖЫГАЧТАРЫ*

*Мечиттин жыгачтары жана аксессуарлары Түркияда боелуп, лакталып Бишкекке алып келинип, ордуна монтаждалган. Жыгач иштери салттык Түрк-Ислам көркөм-өнөрүнө ылайыкташтырылып, Түркия Диянет фондуна караштуу КОМАШ курулуш компаниясынын салттык жыгач көркөм өнөрү жана Мечит жасалгасы менен алектенген фабрикаларында өндүрүлгөн.*


محمد

## AVİZE AYDINLATMA İŞLERİ

Ana kubbe ve yarım kubbe avizeleri, klasik Osmanlı sanatının modernize edilip yeniden yorumlanması ile yeni bir üslup ortaya çıkarmıştır. Ana kubbenin avizesi, 12 kollu geometrik yıldız şeklinde olup alt ve yan yüzeylerinde geleneksel Osmanlı desenleri vardır.

## HALI ÖZELLİKLERİ

Cami harîm, mahfil ve bodrum kat zeminlerine soğuk iklim göz önünde bulundurularak koku yapmayan tamamen yün keçeler serilmiştir. Camide kullanılan halıların renk ve deseni bu cami için özel tasarlanmış olup halılar, Manisa Demirci'de özel olarak dokutulmuş ve yüzde 100 yündür. Halı döşenirken cami ana kubbe altında, kubbe tezyinatı ve cami avizesi ile uyumlu, Selçuklu Yıldızı motifine sahip özel bir göbek motifine yer verilerek cami içinde bir bütünlük yakalanmıştır.

## TEKNİK ÖZELLİKLER

Cami harîm, mahfil ve bodrum katları elektrikle alttan ısıtma sistemli olup bodrum katlarda havalandırma ve klima sistemleri mevcuttur.

Cami geneline kurulan kamera sistemleri ile mesafe fark etmeksizin dünyanın her tarafından caminin takip edilebilme imkânı sağlanırken, tesis edilen yangın alarm sistemi ile de muhtemel bir yangına en kısa sürede müdahale etme imkânı sağlanmıştır.

## *ЖАРЫКТАНДЫРУУ ИШТЕРИ*

*Негизги куполдун жана жарым куполдордун люстралары Осмон империясынын классикалык люстра көркөм-өнөрү модернизацияланып, жаңы формага ээ болгон абалы. Негизги куполдун люстрасы 12 колдон турган жылдыз формасына ээ. Люстранын алдыңкы бөлүгүндө жана айланасында Осмон империясына таандык салттык оймолор бар.*

## *КИЛЕМДЕР*

*Мечит суук аба ырайы эске алынып, жыттанбай турган толугу менен жүндөн жасалган килемдер менен төшөлгөн. Килемдердин түсү жана оймолору ушул мечит үчүн атайын даярдалып, Маниса Демиржиде тиктирилген. Килемдер 100% жүндөн турат. Негизги куполдун алдына салынган килем куполдун жасалагасына жана люстрага ылайыкташтырылган, килемдин ортосуна Селжук Жылдызы оймосу түшүрүлгөн.*

## *ТЕХНИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ*

*Мечиттин намаз окуучу жайына, азанчынын алдына (махфил) жана жер кабатына жылуу пол төшөлгөн. Жер кабатта желдетүү системасы курулуп, атайын кондиционерлер орнотулган.*

*Мечиттин ар тарабына орнотулган камералардын жардамында узактыкка карабай дүйнөнүн булуң бурчунан мечитти көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк жаратылган. Ошондой эле өрткө каршы орнотулган коогалаң сигналы менен кыска убакыт аралыгында өрттү өчүрүүгө мүмкүнчүлүк жаратылган.*


محمد
الله






لا اله الا الله محمد رسول الله









TÜRKİYE
DİYANET VAKFI
TURKIYE DIYANET FOUNDATION
وقف الديانة التركي
BU CAMİ, TÜRK MİLLETİNDEN
KIRGIZİSTAN HALKINA HEDİYE OLARAK
DİYANET İŞLERİ BAŞKANLIĞI VE
TÜRKİYE DİYANET VAKFI
TARAFINDAN YAPTIRILMIŞTIR.
ТҮРКИЯНЫН «ДИЯНЕТ» ФОНДУ
БУЛ МЕЧИТ ТҮРК ЭЛИНЕН КЫРГЫЗСТАНДЫН
ЭЛИНЕ БЕЛЕК КАТАРЫ ТҮРКИЯНЫН ДИН
ИШТЕРИ БОЮНЧА БАШКАРМАЛЫГЫ МЕНЕН
«ДИЯНЕТ» ФОНДУ ТАРАБЫНАН ТУРГУЗУЛГАН.
2017







إنما إلهكم الله الذي لا إله إلا هو وسع كل شيء علما


ابو بكر

Diyanet İşleri Başkanlığı, dinimiz İslam'ın her daim yücelttiği ve gerçeği arama çabası olarak ifade edebileceğimiz "bilgi", hakikat yolunun kılavuzu "hikmet" ve hakikatin bizzat kendisini işaret eden "marifet" yurdunda doğup iman ve ahlakla neşvünema bulan kadim medeniyetimizin eşsiz birikimini milletimize ve insanlığa ulaştırmak için yurt içi ve yurt dışında hizmetlerini artırarak çalışmalarını sürdürmektedir. Bu samimi gayretin bir yansıması olarak, Başkanlığımız ve Türkiye Diyanet Vakfı işbirliğinde ülkemizde ve yurt dışında binlerce cami ve mescit, başta kadirşinas halkımızın desteği ve görevlilerimizin gayretli çalışmaları neticesinde ibadete açılmış ve açılmaya da devam etmektedir.

Ülkemizin gelişen ekonomik ve siyasi gücü, Başkanlığımıza verilen önemin ve sunulan imkânların artması sayesinde ve tüm dünya Müslümanlarının ülkemizden beklentilerinin çoğalması ile birlikte evrensel bir hayır kuruluşu haline gelen Türkiye Diyanet Vakfımız; Filipinler'den Haiti'ye, Moskova'dan Suriye'ye, Arakan'dan Amerika'ya kadar her yerde halkımızın hayır köprüsü olarak nice güzel çalışmalara imza atmış, vermiş olduğu hizmetlerle ülkemizde ve İslam coğrafyasında etkili bir sivil toplum kuruluşu haline gelmiştir. Bu meyanda, aziz milletimizin yaptığı bağışlarla bugün ülkemizin her köşesinde ve yeryüzünün her kıtasında Vakfımızın gayretleriyle yükselen camileri görmek, fevkalade şükrü mucip bir husustur.

Bu vesileyle, Diyanet İşleri Başkanlığı ve Türkiye Diyanet Vakfımızın birlikte yürüttüğü çalışmalara her türlü desteği veren başta Sayın Cumhurbaşkanımız Recep Tayyip Erdoğan başta olmak üzere, İslam'ın bu topraklar üzerine vurulan mührü mesabesindeki camilerimizin inşa ve ihyası için gece-gündüz demeden fedakârca gayret gösteren teşkilatımızın çeşitli kademelerindeki mesai arkadaşlarıma ve bu yolda emek sarf eden, maddi-manevi destek veren herkese teşekkürlerimi sunuyor; bu hayrî yardımların Cenâb-ı Hak nezdinde makbul ve ebedi bir kurtuluşa vesile olmasını niyaz ediyorum.

***Prof. Dr. Ali ERBAŞ***

Diyanet İşleri Başkanı

Türkiye Diyanet Vakfı Mütevelli Heyeti Başkanı

*Түркия Диянет иштери башкармалыгы Исламда ар дайым урматталып, улууланган "билим", акыйкаттын шам чырагы "хикмат" жана акыйкаттын дал өзүн көрсөткөн "марифат" жайылган жергеде пайда болуп, ыйман жана адеп ахлак менен жуурулган маданиятыбыздын теңдешсиз мурасын элибизге жана бүтүндөй адамзатка жеткирүү үчүн өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдө эмгек кылып келет. Бул эмгектин нышааны катары Башкармалыгыбыз менен Тркия Диянет фондубуздун кызматташуусунда өлкөбүздө жана чет өлкөлөрдө миңдеген мечиттер, эң башта кадырман элибиздин колдоосу жана кызматчыларыбыздын ак эмгегинин натыйжасында ибадатка ачылып келет.*

*Өлкөбүздүн өнүккөн экономикалык жана саясий күчү, Башкармалыгызга көрсөтүлгөн колдоо жана берилген мүмкүнчүлүктөрдүн жардамында, өзгөчө дүйнө мусулмандарынын өлкөбүздөн күткөн үмүт-тилектеринин артуусу менен эл аралык жардам курулушуна айланган Түркия Диянет фонду, Филиппиндерден Гаитиге, Москвадан Сирияга, Аракандан Америкага чейин бардык аймактарда элибиздин жардам көпүрөсү катары, нечен жакшы иштерге себеп болуп, кылган эмгектери менен өлкөбүздө жана Ислам географиясында таасирдүү жарандык коомго айланып отурат. Бүгүнкү күндө кадырман элибиздин жардамдары, фондубуздун ак эмгеги менен өлкөбүздүн бардык аймактарында жана дүйнөнүн булуң бурчтарында тургузулуп жаткан мечиттерге күбө болуп, Жаратканга шүгүр келтирбей кое албайбыз.*

*Учурдан пайдаланып, Диянет иштери башкармалыгы менен Түркия Диянет фондунун кызматташып жүргүзгөн иштерине моралдык жана материалдык жардам көрсөткөн эң башта урматтуу өлкө башчыбыз Режеп Тайип Эрдоганга, түнү-күнү мечиттерибиздин курулушу менен алек болгон кесиптештериме, бул жолдо бизге жардамын аябай колдоо көрсөткөндөргө терең ыраазычылыгымды билдиремин. Бул жакшылык ишти Жараткан кабыл кылып, түбөлүк кутулууга себепчи болушун тилеп кетемин.*

***Проф. Док. Али Эрбаш***

*Диянет иштери башчысы*

*Түркия Диянет фонду башкаруу кеңешинин башчысы*

ORTA ASYA'NIN EN BÜYÜK CAMİ VE KÜLLİYESİ

# [ BİŞKEK CUMHURİYET MERKEZ İMAM SERAHSİ CAMİİ
# БИШКЕК РЕСПУБЛИКАЛЫК ИМАМ САРАХСИЙ БОРБОРДУК МЕЧИТИ ]

ОРТО АЗИЯНЫН ЭҢ ЧОҢ МЕЧИТИ ЖАНА КОМПЛЕКСИ

*"ÜLKEMİZDE VE DÜNYADA CAMİ İNŞASININ BAYRAKTARI"*

TÜRKİYE DİYANET VAKFI
ТҮРКИЯ ДИЯНЕТ ФОНДУ
وقف الديانة التركي

*"ӨЛКӨБҮЗДӨ ЖАНА ДҮЙНӨДӨ МЕЧИТ КУРУУНУН ЖОЛ БАШЧЫСЫ"*

www.tdvcamiler.com